# *Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формалары жана критерийлери*

Музыка сабактарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү  түрдө пайдаланылат.:

Формативдик баалоо (окутуунун бүткүл процесси боюнча) жана суммативдик (жыйынтык) баалоо

Музыка сабагында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун төмөндөгүдөй формалары колдонулат:

- окуучулардын оозеки жооптору;

- жазуу иштери;

- практикалык тапшырмалар;

- окуучулардын оозеки жооптору дегенибиз:

- презентацияларды даярдоо;

- обонду тапчы- сабакта жанырган чыгармаларга анализ;

- жекече,топтук жана хор менен ырдоо:

***Окуучуларга «баа» коюунун критерийлери:***

**«5»** деген баа окуучунун төмөндөгүдөй жетишкендиктери үчүн коюлат:

-  эгер окуучу музыкалык чыгармага байланыштуу өзүнүн эмоциялык абалын мүнөздөй алса;

-  эгер уккан чыгарма боюнча баа берүүчүлүк ой-пикирин айта алса.

**«4»** деген баа төмөнкү окуучуларга коюлат:

-  эгер жообунда чыгарманын мазмунуна доо кетирбей турган анча олуттуу эмес каталарга жол берсе;

-  эгер жөнөкөй музыкалык үлгүлөр жаралса;

-  эгер окуучу чыгарманы, анын авторун атап берсе.

**«3»**  деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

-  эгер окуу материалын толугу менен ачып бере албаса, бөлүк болуп берилсе, эгер берилген суроо жана билимдер боюнча жалпы түшүнүгүн көрсөтсө:

-  эгер каталарын мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана ондосо.

**«2»**  деген баа төмөнкү учурда коюлат:

-  эгер кетирилген каталар окуучу берилген тема боюнча талап кылынган билимдерге, ,билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;

-  эгер окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөнү же билбегени терминдерди, аныктамаларды түшүндүрүп бере албаганы байкалса.

**«1»**  деген баа төмөнкү учурда коюлат:

-  эгер жооп болбосо.